КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
КӨТӨРМӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОТОРМИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Көтөрмө айылдык кеңешинин VII чакырылыш кезексиз XXX сессиясынын**

**№30/4 Токтому**

**Кызыл-Булак айылы.** **08.12.2023-жыл.**

**Жергиликтүү маанидеги “Көтөрмө” кичикоругун түзүүгө жер аянтын ажыратуу жана “Көтөрмө” кичикоругунун Жобосун бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап Көтөрмө айылдык кенешинин сессиясы Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 3-майындагы №18 “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүдө Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы “Кичи корукту жана жергиликтүү маанидеги өзгөчө корголуучу аймактарды түзүү жана иштетүүнүн тартиби” жөнүндөгү №554 токтомуна жана “Кыргыз Республикасында жапайы өрүктү жана бадамды сактоо” долбооруна негиз

**Токтом кылат:**

1. “Көтөрмө” кичикоругунун Жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү маанидеги “Көтөрмө” кичикоругун түзүүгө Көтөрмө айыл аймагынын Көтөрмө айылынын Чырак-Таш коктусунун 910 контурунан 0,13 га, 0.045 га жана Тамаша айылынын Кош-Дөбө коктусунун 909 контурунан 0.11 га жер аянты ажыратылып берилсин.
3. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоо Көтөрмө айыл өкмөтүнүн жер адиси Б. Абдималиковго тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Көтөрмө айыл өкмөтүнүн тиешелүү кызматкерлерине милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарбасы, турак жай жана коммуналдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Бактыбаев**